Чынында бизге чейинки окумуштуулар далилдегендей белгилүү аймакта бир тектүү (бир улутка тиешелүү) же көп тектүү (көп улутка тиешелүү) калктын совет мезгилиндеги 74 жылдын аралыгында демографиялык өнүгүүсү ошол аймакта жашаган элдердин, калктык бирикмелердин же топтордун жалпы тарыхый-этнографиялык өнүгүүсүнө түздөн-түз өз таасирин тийгизген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Итоги Всесоюзной переписи населения 1959 года. Киргизская ССР.-М.,1963.-С.11 -12
2. Всесоюзная перепись населения 1926 года. Киргизская АССР.-Т.VIII.-М.,1928.-С. 197-198
3. Итоги Всесоюзной переписи населения 1959 года. Киргизская ССР.-М.,1963.-С.131-132
4. Население Кыргызстана. Итоги Всесоюзной переписи населения 1989 года в таблицах (пересчитанные в границах Первой национальной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года).-Б.,2003.-С.12-13

**Рецензент: д.и.н., профессор Кочкунов А.С.**

УДК 950(-89)(575.2)

**Мырзадаирова Д.Ш.**
М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти, п.и.к

## УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ – КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖОЛУ

***Тарыхы болбой эл болбойт (кыргыз эл макалы)***

*Макала кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолу, алардын студенттерге калтырган таалим-тарбиясы, анын келечеги жана мааниси жөнүндө жазылды.*

**Негизги сөздөр:** *Улуу Жибек жолу, тарых, маданият, дүйнө тааным, усул, окутуу.*

**Мырзадаирова Д.Ш.**
к.п.н., доцент КЭУим. М.Рыскулбекова

## ВЕЛИКИЙ ШЕЛКОВЫЙ ПУТЬ – ПУТЬ КЫРГЫЗСКИХ КОЧЕВНИКОВ

*В статье написана о пройденном историческом пути кыргызского народа, его значении в воспитании студентов*

**Ключевые слова:** *Великий Шелковый путь, история, культура, мировоззрение, метод, преподавание.*

**D. Sh. Myrzadairova**
Ph.D., associate professor of KEU n.a. M.Ryskulbekova

## THE GREAT SILK ROAD - THE WAY OF THE KYRGYZ NOMADS

*The article happiness is written about the historical path of the Kyrgyz people, its significance in the education of students.*

**Key words:** *the Great Silk Road, history, culture, world outlook, method, is preaching.*

Кыргыз эли байыркы элдерден экендиги Тан-шудинастиясынын тарыхынан кездешет. Жадакалса, алардын өн-түсү, жашоо шарты, маданияты, кайда жашагандыгы даал тарыхый эмгекте так көрсөтүлгөн. Демек, кыргыздар байыркы калк. Ал эми азыркы Улуу Жибек жолу ушу кыргыз калкынын башка элдер менен болгон экономикалык, соода, саясий байланыш жол болгондугун кийинки муунга мурас катары калтырып кетишибиз керек.

Экономикалык университеттин студенттери бир гана экономика багытынан билим албастан, ар тараптан өнүккөн инсандар болуулары абзел. Кыргызстандын келечеги – азыркы жаштардын колунда. Ал эми ошол жаштарыбыз ата-бабабыздын басып өткөн тарыхын, жашоо тиричилигин, маданиятын, үрп-адатын, каада-салтын, адабиятын билүүлөрү керек. Канчалык көптү билсең келечегиң кең болот. Ал эми биз жашап жаткан Кыргыз жергесинин тарыхына көз чаптырсак, Улуу Жибек жолу ушул биз жашап турган жерде турат. Ошол жердин тарыхын билүү – биздин негизги милдет болуп саналат

Сионисттердин нускасы бар эмеспи: «Эгерде бир улутту жоготкуң келсе, ал улуттун тарыхын жогот», деп айткан. Ошондуктан, тарыхыбызды кийинки муунга өткөрүп берүү – биздин эң алгачкы парзыбыз болуп саналат. Жетимиш жылдан ашуун өмүр сүрүп келген Совет доорунда кыргыз эли дайыма көчмөн калк болуп, жазуусу, сызуусу, маданияты болгон эмес деп окутулуп келген. Көрсө кыргыз эли азыркы көптөгөн калктарга салыштырмалуу байыркы тарыхы бар, дүйнө менен байланышкан Улуу Жибек жолу, Таш Рабат, Мунара, Бурана, Сулайман-Тоо сыяктуу тарыхый комплекстери, Манас, Семетей, Сейтек аттуу залкар эпосторубуз кылымдар бою оозеки сакталып келген маданиятыбыз, Орхон Энесай таш жазма эстеликтери, Талас, Чүй, Ысык-Көл жергелеринен табылган таш жазма эстеликтери биздин жазуу-сызуубуз эчакта эле бар экендигинен кабар берет. Мына ушул мурастарыбыз бар үчүн биз кыргыз деген улуу атты алып жүрөрүбүздү ар бир студент билүүсү абзел.

Кыргыздар байыркы эл экендигин далай окумуштуулар изилдеп, басып өткөн жолу узак экендигин баяндап келишет. Тээ Манас атабыздан мурда эле кыргыз калкы далай бирде жеңиштерге ээ болсо, бирде жеңилип, ар кандай жашоо кечирип келгендиктери маалым эмеспи. Анын мисалы катары Манастын чоң атасы өлгөндөн кийин, кыргыз элин ар тарапка таратып жиберген тышкы душмандардын кесепетинен ал Алтай жергесинде төрөлүп, анан кыргыз элинин башын бириктирүүнү алдына максат кылып, элин Ала-Тоого көчүрүп келген эмес беле. Бул биздин тарых.

Көптөгөн тарыхчылар байыркы замандан бери эле Улуу Жибек жолунун эл аралык мааниси зор экендигин айтып келишкен. «562-жылы Иран менен Византиянын ортосунда көп жылдык согуш абалын тынчтык мезгилге айлантып, эл аралык соодага шарт түзүү максаты менен 50 жылдык мөөнөткө келишим түзүлгөн», деп белгиленет [6]. Анткени буга чейинки болуп турган согуш элдин жибек менен соода кылуусуна өтө тоскоолдук жараткан. Соодалыктар алгач кытайдан келген жибекти алып сатуу менен алектенсе кийинчирээк алар жибек курттарды иштетүүнү анадан жибек алып кайра иштетип чыгууга көнүгүшкөн. Муну менен алар соода сатык иштерин Улуу Жибек жолу аркылуу жүргүзүшкөн. Бул жол 20 кылымдык тарыхы бар улуу жол деп айтылат. Кытайдан баштап Жер ортолук деңизге чейин соода сатык иштерин, дипломатиялык сүйлөшүүлөрүн жүргүзүүчү жол болуп саналган.

Ата-бабаларыбыздын басып өткөн тарыхый жолун ар бир жаран билүүсү үчүн болгон күч аракеттерибизди жумшообуз абзел. Бекеринен Манас атабыз кыргыз элинин башын «тирүү болсок бир дөбөдө, өлсөк бир чуңкурда бололу»,-деп айтпаса керек. Кыргыз элинин тарыхы кагаз беттеринде байыркы мезгилде жазылбаса да, кытай жазма булактарынан

кездешерин жогоруда белгилеп өткөндөй, кандай болгондо да өзүлөрүнүн улуттук оюндарын, маданиятын, салтын оозеки түрдө, укумдан тукумга калтырып келген.

Студенттерге билим берүүнүн эң алгачкы элементтери катары алар окутуучудан алган маалыматтарды кабыл алуу болуп саналат. Ошол маалыматтрды мугалим келечек муундун эсинде түбөлүк сакталып калуусу үчүн болгон күч аракетин жумшап, көрсөтмө курал, сүрөт, видео. Аудио уктуруу, ар кандай жаны ыкмалардын негизинде түшүндүрүүгө аракеттенүүсү керек. Ошол эле маалда алган билимдерин колдоно да албай калышы мүмкүн. Ошондуктан, алган билимдерин бекемдөө үчүн студенттер менен биргеликте ошол доор жөнүндө элестетип сүрөт тартуу же, кичине дилбаян иштерин жүргүзүү да өтө жакшы натыйжасын берет деп айта алабыз. Мында студенттин өзүнүн көндүмүнө өздүк чыгармачылыгынын өнүгүүсүнө шарт түзгөн болобуз. Андан ары ишмердүүлүктөрүн өркүндүү максатында ар кандай көнүгүү иштерин жүргүзүү зарыл. Даяр тесттерди таратып, аны окуп чыккандан кийин кыргыз тилинин грамматикасына кайрылып, морфология, синтаксистик талдоолорду жүргүзүүгө көнүктүрүү керек. Чыгармачыл абал жаратуу үчүн ар кандай логикалык суроолорду түзө билүүгө көнүктүрүү. Мында окутуучу студенттерди чыгармачылык эмгектенүүгө, шартка жараша ошол сөз болуп жаткан тема боюнча жетишерлик ойлонуп, проблема түзүп, кайра ошол проблемадан чыгуу жолдорун иштеп чыгып, түйшүктөнүүсү шарт.

Негизги максат жогорудагы окутуунун элементтери менен өтүлгөн теманы канчалык денгээлде өздөштүргөнгө жетишкендигин байкоо жүргүзүү болуп саналат. Кыргыз тарыхын өздөштүрүүдө окуу, угуу, ой жүгүртүү, мекенге болгон сүйүүнү сезе билүү аркылуу өздөштүрүүгө жетишет. Мындай ыкма менен сабак өтүүнүн өзгөчөлүгү ар бир студент мекенге болгон сүйүүсү артып, мурунку темалар менен салыштырып, белгилүү бир жыйынтыкка келет жана алардын ортосундагы тыгыз байланышты байкап, эсинде көпкө сактап калууга далалаттанат. Өтүлгөн сабакты ар тараптан кабыл алганда гана сабак максатына толук жетет деп айтууга болот.

Кийинки тапшырма студенттер менен биргеликте «Улуу Жибек жолу дегенде эмне эсинерге келет?» аттуу суроого класстер түзүшөт. Мисалы:




Мындан кийин студенттер даяр тексттин үстүндө иштешет:

*Ошону менен катар 6-7-кылымда Енисей жергесинде кыргыз мамлекети пайда болгон. Барсбек башында турган кыргыз мамлекети өзүнүн тегерегиндеги коңшулаш элдерди басып алып кыргыз ээликтерин кенейткен. Ал гана тургай мурда болуп көрбөгөндөй саясий жана экономикалык өнүгүүгө жетишкен. Ал эми Византия, Кытай, Араб, Перс тарыхчылар кыргыз мамлекеттүүлүгүн урматтоо менен жаза баштакан. Кыргыз жергеси аркылуу басып өткөн Улуу Жибек жолу «Кыргыз жолу» деген ат менен белгилүү болгон.*

Тарыхый булактарга таянып, байыркы кыргыз жергесиндеги мамлекеттерде жана Енисейдеги кыргыз мамлекеттеринде саясий жана экономикалык өнүгүүсүнө Улуу Жибек жолунун ролу өзгөчө таасир тийгизгендигине ынандык. Улуу Жибек жолу дүйнөлүк мамлекеттердин дагы көңүлүн буруп, кызыктырып келген. Байыркы Эллада менен байыркы




Чыгыш өлкөлөрүн, Евразия, Батыш жана Чыгышты Жер Ортолук деңиз менен Кытай өлкөлөрүн байланыштырып келген [1].

Сабактын жүрүшү:

– окутуучу  текстке байланыштуу тартылган сүрөттү колдонуп, ал аркылуу суроо, жооп жүргүзүүнүн максат, милдети менен тааныштырат (доскага күн мурунтан даярдалган сүрөттү илет);

– студенттер ал сүрөт менен таанышуу учурунда, окутуучу таяныч сөздөрдү (анда түшүнүксүз сөз же сөз айкашы же татаал орфограммалар болушу мүмкүн) доскага жазып коет;

– ал сөздөргө түшүнүк берилет;

– студенттер менен сүрөт жөнүндө талкуу жүргүзөт;

– студенттерди жазуу жумуштарын жаздырууга даярдыктар көрүлөт;

– текстти көркөм окуу ишке ашат;

Текстке карата ар кандай сүрөттөрдү алууга болот. Эгер даяр сүрөттөр жок болсо темага байланыштуу сүрөттөрдү жакшы тарткан студенттерге тарттырууга да болот.

Студент баяндама жазууну тексттин мазмунун жеке кабыл алуусуна жана кеп ишмердүүлүгүнө, көнүгүүсүнүн деңгээлине жараша ишке ашырат. Кээ бир студенттер укканын оозеки жүзүндө жакшы, жеткиликтүү түшүндүрүп бере алса, кээ бири, тескерисинче, жазуу жүзүндө жеткиликтүү деңгээлде, кенен, байланыштуу бере алат.

Ошондуктан баяндама ишин жазуу жүзүндө да, оозеки жүзүндө да жүргүзүүгө болот. Ушуга жараша жазуу жүзүндөгү баяндама жана оозеки баяндама - деп бөлүнгөнү туура. Ошондой эле, «текстти толук жана ирети менен берүү баяндамасы, кыскача баяндама, формасы өзгөртүлгөн баяндама, сүрөт боюнча жазылган баяндама, тирек сөздөр аркылуу баяндама жаздыруу, эркин темадагы баяндама» деп баяндаманы орус окумуштууларынын классификациясына таянып бөлүштүрсөк болот.

Мындай иш аракеттер студенттердин тарыхка эле болгон кызыгуусун арттырбастан, искусствонун бир тармагы болгон сүрөттөгү ар кандай өң түстөрдү ажырата билүүгө, живописке болгон кызыгуусунун жаралышына түрткү болот деп ойлойбуз.

Улуу Жибек жолу аркылуу Азияда өндүрүлгөн жибек кездемелери жана кол өнөрчүлүктүн көптөгөн түрлөрү ушул жолдор аркылуу Батыштан чыгышка, чыгыштан батышка ташылып тургандыгын да баяндап берүүбүз абзел.

Орхон Енесай таш жазмаларында да кыргыз элинин душмандар менен болгон кагылышы, Ала-Тоону сактап калуу үчүн далай кан акканын ошентсе да жок болуп кетпестен, канчалаган кылымдардан бери жашап келе жаткандыгы баяндалат.

Жаңы ыкмаларды пайдалануу аркылуу студенттердин кеп байлыгын өстүрүүгө болот. Мында кыргыз эли басып өткөн тарыхый жол менен байланыштуу кеп айкалыштырылып берилди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акпарова А.Т. Байыркы кыргыз жергесиндеги бажы иштеринин пайда болушу, ага Улуу Жибек жолунун таасири. Известия ВУЗов Кыргызстана №12, 2015.
2. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер., Б.,1997.
3. Каныметов А, Эсеналиева Г. Кыргызстандын аймагындагы Улуу Жибек жолу
4. Осмонов О.Ж., Асанканов А., Кыргызстандын тарыхы. Б.2000.
5. Табышалиев С. Кыргызстан на Великом Шелковом пути. Б., 1992.
6. Тарыхчы Кененсариев Ташманбет «Баракелде» Түрктөрдүн тарыхый тагдырына бурулуш киргизген Кыргызстандагы эки окуя (6-8-кк.) 22.04-01.05.2014-ж


**Рецензент: д.и.н., проф. Алымкулова С.К.**

УДК 321.74-057.66

**Нурманбетова К. Ю.**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети, Саясий илимдер факультети
Коомдук жана гуманитардык илимдер кафедрасынын аспиранты,

## ДЕМОКРАТИЯ КӨЧМӨНДӨРГӨ КЕРЕКПИ?

*Бул макалада автор Кыргызстанда демократиянын мамлекеттик бийликтин бир түрү катарына тыйжасыздыгынын себептерин иликтейт.*

**Негизги сөздөр:** *демократия, көчмөндөр, маданият, менталитет*

**Нурманбетова К.Ю.**

Кыргызский Национальный Университет им. Ж. Баласагына
Аспирант кафедры социально-гуманитарных наук, факультета политологии